УДК: 374(821.512.154) https://doi.org/10.56122/..v1i2.185

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА «СЫДЫК АКЫН ЖАНА ӨМҮР» ДЕГЕН ТЕМАДА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ

*Наркеева Акылай Анарбековна, улук окутуучу*
*E-mail: akylai.narkeeva@gmail.com*

***Аннотация:*** Кыргыз фольклору менен акындар чыгармачылыгы аң-сезимдин, коомдук өсүп-өнүгүүнүн күзгүсү. Алар жалаң гана адабий мурас, көркөм чыгарма катары эмес, кыргыз элинин улуттук идеологиясы менен философиясын окуп үйрөнүүдө, адамзат жашоосундагы акыл-эс жыйындысы катары пайдаланууда өзгөчө кызмат кылуучу зарыл каражат. Поэзия менен философия өтө тыгыз байланышта. Бул айрыкча кыргыз акындарынын чыгармаларына мүнөздүү көрүнүш. Кайсы гана акын болбосун өзүнүн ырларында жакшы менен жаманды ажыратып, ак-караны таанытып, өмүр менен өлүмдүн улуулугун моюнга алдырып, көркөм сөздүн жардамы менен турмуш чындыгын элге жеткирүүгө аракет кылган. Мындай милдет жазмыштан акындардын тагдырына туш болгон го. Жарык дүйнөдө ар бир пенденин аткара турган жумушу бар эмеспи. Мына ошондой түштүк акындарынын ичинде Токтогул, Барпы, Бекназар Нишан, Арзыбай, Ботобай, Орозаалы, Ташмат, Мырза, Жол- дош. Абдымомун, Амира, Үсөнбай комузчу, Сабан кыякчы, Кара комузчу сыяктуу чоң-чоң акындар, өнөр адамдары менен замандаш болуп, аш-тойлордо үзөңгүлөш жүрүп, айтыштарда өнөр сынашкан Сыдык Алайчиев ырчылар поэзиясына өз изин калтырган төкмө акын. Залкар ырчылардан таалим-тарбия алып, ырдоонун салтын үйрөнгөн. Алардын кыл чайнашып айтышкан дарын уккан. Сыдык Алайчиевдин ырчылык тагдырын, чыгармачылык жолун жогоруда аталган акындардан бөлүп кароого болбойт. Өзү жашаган аймакта кеңири белгилүү болуп, бирок убагында чыгармалары дагы да эртерээк жазылып алынбай, улгайган кезинде, башкача айтканда ырчылык өнөрдөн бир топ алыстаган учурунда көңүл бурулуп, айрым айтыштары, санат-насыят, терме ырлары унутулуп калган сыяктуу. Акындан аз ыр калса да, ырларын класстан тышкаркы окууларга киргизип, окуучуларга класстан тышкаркы уюштуруу иштеринде колдонуп келсек болот.

***Ачкыч сөздөр:*** *ийрим, усулдарды колдонуу, жүргүзүү, класстан тышкары иш, акын, ырлар, айтыштар, залкар, сабакн кыякчы, өнөр, тагдыр, таалим-тарбия,терме, көңүл, санат-насыят.*

# ОРГАНИЗАЦИЯ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ НА УРОКЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ ПО ТЕМЕ «СЫДЫК АКЫН И ЖИЗНЬ»

*Наркеева Акылай Анарбековна, страший преподователь*
*Ошский государственный педагогический университета*
*Ош, Кыргызская Республика*
*E-mail: akylai.narkeeva@gmail.com*

***Аннотация:*** *Творчество кыргызских фольклористов и поэтов является зеркалом сознания и общественного развития. Они являются не только литературным наследием, произведением искусства, но и необходимым средством особого служения в чтении и изучении национальной идеологии и философии кыргызского народа и использовании их как образа мышления в жизни человека. Поэзия и философия тесно связаны. Особенно это характерно для творчества кыргызских поэтов. Любой поэт пытался в своих стихах отделить хорошее от плохого, ввести черное и белое, признать величие жизни и смерти, донести до народа правду жизни с помощью художественного слова. Такая задача — удел поэтов. В мире света у каждого слуги есть своя работа. Среди таких южных поэтов - Токтогул, Барпы, Бекназар Нишан, Арзыбай, Ботобай, Орозаалы, Ташмат, Мырза, Жолдош. Сыдык Алайчиев, современник таких великих поэтов и художников, как Абдымомун, Амира, Усанбай Комузчу, Сабан Кякчы, Кара Комузчу, участвовавший в званых обедах и пробувший свои способности в речах, является свободным поэтом, оставившим свой след в поэзии.*

*певцов. Залкар прошел обучение у певцов и изучил традиции пения. Он слышал лекарство, которое они жевали. Певческую судьбу и творческий путь Сыдыка Алайчиева невозможно отделить от вышеперечисленных поэтов. Он был широко известен в той местности, где жил, но его произведения не были записаны и раньше, когда он был уже в старости, то есть когда он был далек от искусства пения, на него обратили внимание, и некоторые его изречения , проповеди и песни словно были забыты. Даже если у поэта осталось мало стихов, мы можем включить его стихи во внеклассную работу и использовать их во внеклассной деятельности.*

***Ключевая слова:** круг, использование методов, проведение, деятельность вне класса, поэт, песни, поговорки, выдающийся, учитель урока, искусство, судьба, обучение-воспитание, терме,душа, воспитательный песнии.*

## ORGANIZATION OF EXTRA-CURRICULAR WORK IN THE KYRGYZ LITERATURE LESSON ON THE TOPIC "SYDYK AKYN AND LIFE"

*Narkeeva Akilya Anarbekovna, senior teacher*
*Osh State Pedagogical University*
*Osh, Kyrgyz Republic*
*E-mail: akylai.narkeeva@gmail.com*

***Annotation:** The creativity of Kyrgyz folklorists and poets is a mirror of consciousness and social development. They are not only a literary heritage, a work of art, but also a necessary means of special service in reading and studying the national ideology and philosophy of the Kyrgyz people and using them as a way of thinking in human life. Poetry and philosophy are closely related. This is especially typical for the work of Kyrgyz poets. Any poet tried in his poems to separate the good from the bad, to introduce black and white, to recognize the greatness of life and death, to convey to the people the truth of life with the help of artistic words. Such a task is the lot of poets. In the world of light, each servant has his own job. Among such southern poets are Toktogul, Barpy, Beknazar Nishan, Arzybay, Botobay, Orozaaly, Tashmat, Myrza, Zholdosh. Sydyk Alaichiev, a contemporary of such great poets and artists as Abdymomun, Amira, Usanbay Komuzchu, Saban Kyakchy, Kara Komuzchu, who participated in dinner parties and tried his abilities in speeches, is a free poet who left his mark in poetry. singers Zalkar was trained by singers and studied singing traditions. He heard the medicine they were chewing. The singing destiny and creative path of Sydyk Alaichiev cannot be separated from the above poets. He was widely known in the area where he lived, but his works were not recorded before, when he was already old, that is, when he was far from the art of singing, attention was paid to him, and some of his sayings, sermons and songs as if they had been forgotten. Even if a poet has few poems left, we can include his poems in extracurricular activities and use them in extracurricular activities.*

***Key word:** circle, use of methods, conducting, activities outside the classroom, poet, songs, sayings, zalkar, lesson teacher, art, fate, teaching-upbringing, terme, soul, sanat-nasyt.*

### Киришүү

Класстан тышкаркы иштер – окуучулардын өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт. Бул иш-чаралар окуучулардын кызыгуусун арттырып, алардын таланттарын ачып, социалдык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө жардам берет.

Класстан тышкаркы иштерди уюштурууга киришүүдө эске алуу керек болгон негизги аспектилер:

1. **Максаттарды аныктоо:**

* Окуучулардын кызыкчылыктары: Кайсы предметтерге же иш-чараларга көбүрөөк кызыгуу билдиришет?

* Өнүктүрүү багыттары: Кайсы көндүмдөрдү өркүндөтүүгө басым жасагыңыз келет? (мисалы, чыгармачылык, команда менен иштөө, лидерлик)

* Мектептин миссиясы: Класстан тышкаркы иштер мектептин жалпы максаттарына кандайча дал келет?

2. **Иш-чаралардын түрлөрү:**
 * Билим берүүчү: Викториналар, дебаттар, илимий эксперименттер
 * Чыгармачылык: Сүрөт тартуу, музыка, театр, бий
 * Спорттук: Спорттук секциялар, мелдештер
 * Социалдык: Ыктыярдуу иштер, коомдук долбоорлор

3. ***Пландоо:***
 * Календар: Иш-чаралардын календарын түзүңүз.
 * Бюджет: Керектүү каражаттарды эсептеп чыгыңыз.
 * Катышуучулар: Канча окуучу катышаарына болжолдоо жасаңыз.
 * Жер жана убакыт: Иш-чараларды өткөрүү үчүн ылайыктуу жер жана убакытты тандаңыз.

4. **Уюштуруу**
 * Команда: Ыктыярчыларды тартыңыз.
 * Материалдар: Керектүү материалдарды даярдаңыз.
 * Жарнамалоо: Иш-чаралар жөнүндө окуучуларга жана ата-энелерге кабар бериңиз.

5. **Өткөрүү**
 * Көңүлдүү атмосфера түзүү: Окуучулардын активдүү катышуусун камсыз кылыңыз.
 * Коопсуздук: Иш-чаралардын коопсуз өтүшүнө көз салыңыз.
 * Баалоо: Иш-чаралардын натыйжалуулугун баалаңыз.

6. **Кайтарым байланыш**
 * Окуучулардан жана мугалимдерден пикир алыңыз.
 * Келечектеги иш-чаралар үчүн өзгөртүүлөрдү киргизиңиз.

Класстан тышкаркы иштерди уюштурууда эске алуу керек болгон башка факторлор:
 * Окуучулардын ар түрдүүлүгү: Ар бир окуучунун кызыкчылыктарын эске алыңыз.
 * Ийкемдүүлүк: Пландарды өзгөртүүгө даяр болуңуз.
 * Кызматташуу: Башка мугалимдер, ата-энелер жана коомдук уюмдар менен кызматташыңыз.

Классдан тышкаркы иштерди уюштуруу – бул чыгармачылык процесс. Сиздин идеяларыңыз жана энтузиазмдарыңыз окуучулардын жашоосуна жаңы түстөр алып келе алат.

Демек, жогорудагы аспектилерди эске алуу менен кыргыз адабият сабагында класстан тышкаркы иштерди уюштурууда Сыдык Алайчынын өмүр таржымалына жана айтып кеткен ырларына басым жасоо менен баланын кеп ишмердүүлүгүн арттыруу жана жашоого, акынга, окууга болгон кызыгуусун арттыруу. [1]

**Изилдөөнүн методу жана жыйынтыгы**

Бул макала практика жүзүндө ишке ашкандыгы үчүн окуучулардын аткаруу чеберчилигинин жогорулугу, көрөрмандарды кызыктыруу максатында өткөн теманы бышыктоо иретинде да колдонулгандыгы көрүнүп турат. Мындай класстан тышкаркы иштер аркылуу окуучулардын шык, жөндөмдөрүн ойготууга да өбөлгө түзө алабыз. Катышуучулардын изилдөө объектисинин ичинде болуп, анын иш-аракетин байкоого да болот. Балдардын өз алдынчалуугун ойготууга, турмуш – тиричликти салыштырууга, ошол доор менен азыркы мезгилди айырмалоого да бирден бир шарт түзүп бердик десек жаңылышпадык. [3]

**Жыйынтыктоо жана талкулоо**

Демек, акындын башынан өткөргөн окуяларына карабай талантты өлтүрбөй аздектеп баккандыгын, кордукка чыдап жашоого болгон аракетин басым жасап окуучуларга туура тарбия берип, жыргал заманда убакытты туура пайдаланууга үндөйбүз. Бул маселени окуучуларга туура түшүндүрүү максатында биз Аксы районун Кара-Суу орто мектебинин 10-класстарынын окуучуларына класстан тышкаркы сабак өткөнбүз. Чыгарманы окутууда биз катардагы сабактардагыдай алгач класста текст менен тааныштырып, ар бир каарманга токтолуп, класстан тышкаркы кече уюштурганбыз жана аларды сахнада аткартып көрдүк.[6]

**Сабактын максаты:** Кечээ жакынга чейин эле (1983-жылы каза тапкан) арабызда жашап келсе да, биз баалабай, барктабай, чыгармаларын толук жазып албай, китептерин кеңири чыгарбай жүргөн акындардын бири – Сыдык Алайчы уулу жөнүндө уксак кээ бирибиз таң калсак, кээ бирибиз билүүгө далалат жасайбыз. Биз бул акындын ырлары тууралуу балдарга айтып жеткире албасак да сабактан тышкаркы иштерди уюштурууда ырларын талдап, маанисин билип, акын бар экенин билдирү максатында киргизсек болот. Мисалга алсак, акындан 1978-жылы ноябрь айында Сыдык акынга (Бала ырчыга) атайлап жазып алуу үчүн барышат. Барса карыя үйүндө болот, салам айтып учурашып, ал-жай сурашып, маектешип, эмне себептен келгендигин түшүндүрүшөт. Сыдык ата бир буту сылтып баскан, арык чырай келген, өңү кара сур, орто бойлуу, кыраакы адам.

Акындын бардык чыгармалары негизинен өз оозунан жазылып алынган. Көптөгөн чыгармалар бир нече вариантта жазылган. Тактап айтканда, ар кайсы мегилде, ар башка кишилер тарабы нан жазылып, акын бир эле ырын же айтышын алымча, кошум чалары менен айырмалантып айтып берген. Ошондуктан Сыдык Алайчиевдин адабий мурасынын катары дагы толукталар деген үмүттөбүз.

**Убактысы:** 45 мүнөт каармандар, мугалим, сахна, комуз, каармандарга керектелүүчү нерселер.

**Иш кадамдары** (процедура):

**Акын (окуучу):** Жакшы келипсиң, айланайын. Билгенимди айтып берейин...

**Журналист:** Былтырбы, же мурдагы жылбы Фрунзеге келип, бир акын менен айтышпадыңызбы, ошолор эсиңизде барбы?

**Акын (окуучу):** Бар эмей!

**Журналист:** үзүндүсүнөн айтып койсоңуз.

**Акын (окуучу):** Жарайт.

Сыдык акын менен айтышка чыккан акындын айткан кеби **(2-окуучу):**

Элиңдин аты эмине,
Жериңдин аты эмине,
Шаарыңдын аты эмине, –
деп бир аз созуп келип, кезекти мага берди.

**Акын (окуучу):**

Озунуп балам ырдадың,
Менден беш-алты сөздү сурадың.
Шаарымдын аты Ош болот,
Барган адам биз менен,
Ажырагыс дос болот.
Колхозум аты – Фрунзе,
Пермесинде жайылган
Жылкы, бодо, кой-эчки,
Жер жайнаган малы бар.
Кампасында толтурган,
Арпа, буудай даны бар.
Тоют үчүн камдаган,
Алты жылдык чөбүбар.
Ишенбесең чырагым,
өзүң барып көрүп ал.
Араван менен Карасуу
өрүк, жүзүм, алма бар.
Барып калсаң шо жерге,
Бышканынан үзүп ал.
Кара алтын – Ташкөмүр,
Сурьма, сымап кени бар.

Барып калсаң шол жерге,
Белек болоор зайыбыңа
Бир шише сымап куюп ал –
десем, «Мен качтым» деп жүгүргөн бойдон чыгып кетти.

**Журналист:** Сиздин устатыңыз ким болгон?

**Акын (окуучу):** Он алты жашымда Ботобай ырчыга кошулуп кеттим. Ноокат, Жүлгөдөн – Амира, Туяк, Ташмат, Кубат, Арзыбай, Абыл, үчүкө деген ырчылар чыккан. Ошолорду көрдүк. Ботобай атактуу акын Орозаалы аке менен он үч жыл бирге жүрүп, кызматын кылып, батасын алган.

**Журналист:** Сиз көрүп калдыңызбы?

**Акын (окуучу):** Орозаалы мурун өтүптүр.

**Журналист:** Ботобай кандай киши эле?

**Акын (окуучу):** Ботобай жоош, кечиримдүү, куудул, нысаптуу адам эле. Мага насаат кылчу: «Балам, туз таткан жериңе кара санаба. Келин-кызына жаман көзүң менен караба, бирөөнүн акысын жебе, атыма салам деп, үй ээсинен бейжоop тамдын башына чыгып, бир боо чөп таштаба...» Бозо, арак иччү эмес. Ошол үчүн эл аны жакшы адам деп, Ботобай акелеп сыйлашчу. Ботобай бойдок маалында Чолпон аттуу кызга ашык болуп калып, «Ак Чолпон» деп ырга кошуп жүргөндө, ошол айылдын жигиттери каршылык кылышып, минип жүргөн атын кармап алып, куйругун кесип коюшат. Саар менен караса, атынын куйругу кесилип калганын көрүп кошуп ырдайт экен. Ботобай менден жыйырма беш жаш улуу эле. өз ажалынан өлдү. Мен мугалим болуп жүргөндө бар эле. Кийин көрбөй калдым. Төкмө эле.
өзгөндүн үстүндөгү Яссыда Жаныбектин атасы Сагымбайдын ашына Бекназар, Барпы, Нышан, Токтогул, Ботобай келишкен. Ошондо мен он сегиз, он тогуз жашта элем.Кечеси коногуна Ботобай менен мени да чакырды. Барсам Токтогул, Барпы, Нышан, Көржолдош деген ырчылар олтурган экен.
Эң алды менен Барпы өлүм жөнүндө ырдап, өлүмдү таза мактап токтогондон кийин:

**Акын (окуучу):** Ботобай аке, сизден дагы аз-маз угалык, – деп сурап калышты.
Анан Ботобай терме ырларынан кыскача ырдап барып, Барпыны Ботобай жеңди.
Токтогул угуп олтуруп:

**Акын (окуучу):** Ботобай чечен ырчы экен, – деп койду.
Этеке олтурсам:

**Акын (окуучу):** Бала кичине ырдап кой! – дешти. Анан мен ырдадым:
Сагын бийдин ашына,
Сексен төрт ырчы топтолду.
Эсиңди билгин ырчылар,
Санатта башың жоктолду.
Күңгөй менен тескейдин,
Топтолуп келди баары ырчы.
Ырчылардын ичинде
Токтогул акын кары ырчы.
Ботобай болсо чал ырчы,
Мен боломун жакшылар,
Он сегиз жашар бала ырчы.
Жамы ырчынын ичинде,
Мен боломун кичиги, –
деп бир топко созуп ырдадым. Токтогул бир карап койду.

**Алып баруучу:** Мына ушундай Сыдык ата башынан кечирген өмүр жолунан кеп салып берген экен. Сыдык – Бала ырчы 1894-жылы Ош шаарынын четинде Алайчы деген кембагал дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Үч жашка чыкканда атасы дүйнөдөн кайтат. Атадан эки агасы, бир эжеси, эки иниси бешөө Ажар эненин колун карашат. Тогуз жашка чыкканда көп узабай эле оокаттын тарынан Ажар энеси да дүйнөдөн кайтып, Сапар деген өгөй атанын

колунда калышты. Эки агасы саал жетилип, көрүнгөнгө малай болуп, жанын багып кетти. өгөй атасы Сапар эжеси Сарагүлдүон төрт жашка чыкканда Атакул деген карыган чалга сатып, калыңын жейт. Сапар атанын, жеңенин колунда жүргөндөн кийин, иниси да өлүп калды. Он эки, он үч жашка чыкканда Сапар Оштон өзбектердин субай малдарын топтоп, баданы алып чыгып: «Ушул малдарды бак», – деп ага тапшырат. Жылаңайлак, жаман чапанды этине кийип алып, бадачы болот. Заар менен баданы айдап кетип, кеч кайтып, бир көтөрүм куурайды терип, аркасына жөө көтөрүп келет.

Куурай алып келбесе, жеңеси Майрам:

**Окуучу кыз:** Эмне отун алып келбейсиң? – деп башка муштап, казаптайт. (Ыйлаган бойдон атканага кирип, атасынын ээр-токумдарын төшөнүп, ээрин башына коюп, акырда жатып, өзүнчө бир кыңылдап ырдай турган болот).

**(**Ошол кезде бир кыздын тою түшөт. Тойго келген адамдар аттарын байлап койгон жерден бир атты чечип минип алып ырдайт). Адамдар көрүп:

**Чоочун киши:** Капырай! Бул ырчы болуп калган турбайбы!

(Той ээси чөнтөк, байлап алышка белинде кур жок, дамбалынын тор ычкырына ороп-ороп койсо, ычкырды кыркып түшүп калат. Ошол кезде Абдыбаит деген жездеси анын кар болгонун көрүп):

**Той ээси, (3-окуучу):** Сен баланы кар кылып коюпсуң. Акыры ушул балага салам айтасың! – деп акеси менен жеңесин жемелеп, жетелеп келген атынын үстүнө бир эски кийизди салгызып, атка мингизип, турган жери Кожогатка алып кетет.

Жолдо кетип бараткандa аркасын кылчайып:

**Той ээси, (3-окуучу):** Ырдап кой! – дейт.

(Чаңкылдап ырдап калса, жолдун боюнда пахта терип жаткан келин-кыздар):

**Келин –кыздар:** Ий, ырчы, тура тур! – (деп эки тыйын, бир чеңгел пахта берет. Пахтаны таштабай, койнуна салып коёт).

**Жездеси:** Ала бер! – (дейт жездеси күлүмсүрөп үйүнө барат, үйүнө баргандан кийин, бир тууган иниси Калматтын он төрт жаштагы баласы дүйнө салат. Анын аялын чакырып):

**Жездеси:** Жетимди тарбиялап, үстү-башын жакшылап бак, ушунун шарапаты менен ажеп эмес бала төрөп аласың, – (деп насаат айтып:) – Бир жылына он тогуз сом пул төлөйсүң, – (деп баалап берет).

**Алып баруучу:** Малай болуп, бедени кыркып, саманга аралаштырып салып, эки уй, эки өгүз, атын багып от-жем берип жүргөндө ырдоочу болду.

Күз болуп, элде той-тамаша башталып, бир жактан кернейдин добушу чыкты.

- Курбанбайдын тою башталыптыр! – деп аңыз кылып калышты.

Жигит-жалаң топтолушуп, жыйырма-отуз аттуу болуп, аны тойго алпарып ырдатабыз дешип, Касым деген кишинин тайын токуп, мингизе турган болушту. Бутунда өтүгү жок.

– Айылда бир таштап аткан эски өтүктөр болсо, таап келчи! – деп, бирөөн айтты.

Ал барып бирөөлөрдүн таштап салган бири кара кайыш, бири кызыл кайыш эски өтүгүн кийгизип, тойго жөнөттү. Той Коргончо деген жерде экен.

– Сыдык, Курбанбайдын тоюна келдик, кана ырда! – дешти эле:

**Акын (окуучу):** Курбанбайдын тою экен,
Курсантчылык зор экен.
Элдин баарын топтоптур,
Эл каттасын жоктоптур.
Калктын баарын чогултуп,
Камдаганын бериптир,
Калбастан көп эл келиптир, – деп ырдайт.

**Алып баруучу:** Бир маалда ырын токтотуп, көзүн ачып караса, эл ортого алып, аялдар кант, май беришсе, тойго келген жигит куржунга салып чогултушууда.

Ошентип ырдап турганда аялдар:

– Баланы бизге бергиле. Силер улагыңарга кеткиле! – дешип чуркурап калышыптыр.

Эркектер баланы аялдарга таштап, тамашасына чыгып кетишти. Топтолгон аялдар бир шатыны алып келишип, шатыга чыгарышып, ошол жерде ырдатышат.

**Акын (окуучу):** Жетим элем жетилдим,
Жеңелер ырым уккула,
Адам болуп тетилдим.
Атамдан калдым үчүмдө,
Ата деп ээрчип жүрө албай,
Атанын доорун сүрө албай,
Арманым көп ичимде.
Энемден калдым тогузда,
Калбас эле арманым.
Ата менен эненин
Дидарына тойгузса.
Агада жүрдүм алты жыл,
Жеңеде жүрдүм жети жыл.
Жайы-кышы тыным жок,

Талаада бада бакканым.
Күз маалы болгондо,
Адырдан шыбак чапкамын.
Кечкурун жатаар маалда,
Токумду салып астыма,
Ээрди коюп башыма
Акырда ыйлап жаткамын.
Азапты минтип тарткамын.
Ошентип жүрүп кор болуп,
Ырчылыкты тапкамын.
Баданы багып кыйналып,
Желкеме отун көтөрүп,
Кечкурун келсем темселеп,
өгөй жеңе бээ саап
Кызматыма таң бербейт
Колума бүтүн нан бербейт, – деп ырдаса аялдар шакек, тыйын, оромол жоолук беришти. Ырдап жатканымда кемпирлер жашып ыйлашты. [5]

**Корутунду**

Класстан тышкаркы иштин ийгиликтүү өтүшү үчүн анын жыйынтыгын кылдат талдоо өтө маанилүү. Бул сизге келечектеги иш-чараларды пландаштырууда жаңы идеяларды берүү менен катар, анын натыйжалуулугун жакшыртууга мүмкүндүк берери маалым. Биз бул иш-чараларды жүргүзүп жатканда бир топ ийгиликтерди жаратуу менен макала жазууга туура келди. Аларды биз, ар бир мугалим класстан тышкаркы иштерди уюштурууда төмөнкүдөй жыйынтыкка келет деген чечимге келдик:

1. Максаттарга жетүү: пландаштырган класстан тышкаркы ишибиз канчалык деңгээлдеийгиликтүү болду?
2. Катышуучулар: Катышуучулардын саны, алардын активдүүлүгү, алган таасирлери кандай болду?
3. Иш-чаранын мазмуну: Иш-чаранын программасы кызыктуу болдубу? Катышуучуларга жаккан жана жакпаган жактары кайсылар экенин талдоого алуу?
4. Уюштуруу: Иш-чараны уюштурууда кандай кыйынчылыктар жаралды? Эмнени колго алуу керек?
5. Кайтарым байланыш: Катышуучулардан кандай пикирлер келип түштү?
6. Бюджет: Бюджетке карата чыгымдар кандай болду?

Жыйынтыгында, бул иш-чараны өткөрүү менен төмөнкүдөй эыйынтыкка келдик, адам баласы көрүп гана жетишкендикк жетпейт экен, адам баласы аткаруу чеберчилиги менен да ийгилик жаратып, чыгармачылыгын жогорулатып, сезимталдыгын ойготуп, адабиятка бир топ салымын кошуп, саханада, эл алдына жана ошондой эле эркин өзүн алып жүрүүгө шыктуу болоруна ишеним арттык. Бул макалада мына ушундай артыкчылыктарга, элдин ойлоруна токтолууга туура келди. Демек, биз класстан тышкарки иштерди уюштуруубуз абзел.

**Адабияттар**

1. Алимова М. Китеп окубаган жаштарга кантип келечекти ишенебиз? // https://www.bbc.com/kyrgyz/learning_english/2014/02/140218_book 10.
2. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 219 б.
3. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. –Ф.: Мектеп, 1976. – Б. 13.
4. Исаков Б., Исакова Б. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 9-классы үчүн окуу китеби.
5. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы.– Б.: «Турар», 2013.
6. «Тириглик»-Акындын өздүк архивинен алынды. Анда «Ти- риглик тууралысында казал» деп аталат.
7. «Аялдар»-Акындын өздүк архивинен алынды. Анда «Аял- дар жөнүндө ыр» деп аталат.
8. «Жакшы аял менен жаман аял» С. Алайчиев «Ырлар»-жый- нак. Ф. «Кыргызстан», 1981-жыл, 26-27-беттер.
9. «Жакшы ат менен жакшы аял»-С. Алайчиев «Ырлар»-жый- нак. Ф. «Кыргызстан», 1981-жыл, 28-29-беттер.
10. «Ат жигиттин канаты»-Инв. № 682 (5319). 1978-жылы июнь айында К. Байжигитов акындын өз оозунан жазып алган. Мурда «Ат жөнүндө терме» деп аталган. Ырдын тексти айрым кыскартуулар менен берилди.

**Айтыштар**

1. «Сыдык менен Ботобайдын айтышы» Инв. № 653 (5291). 1975- жылы 11-октябрда Ж. Таштемиров акындын өз оозунан жазып алган; Экинчи айтышы балдары жазып алган магниттик лентада да бар.
2. «Сыдык менен Ботобайдын терме айтышы»-Акындын өздүк архивинен алынды.
3. «Ботобайдын ак тайы: алым сабак айтыш»-Акындын өздүк архивинен алынды.
4. «Сыдык менен Барпынын айтышы (1)»-Инв. № 598 (5236). 1971-жылы 8-9-октябрда Ж. Таштемиров акындын өз оозунан жазып алган.
5. «Сыдык менен Барпынын айтышы (2)»-Инв. № 188 (399). Айтышты 1947-жылы Барпы Алыкуловдун өз оозунан Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып алышкан. Кол жазмага «текстологиялык тактоолор киргизүү» менен 1995-жылы жарык көргөн «Барпы» жыйнагына жарыяланган.
6. «Сыдык менен Барпынын айтышы (3)»-Акындын өздүк архивинен алынды. Анда «Барпы менен беттешүү» деп аталган; Бул айтыш балдары жазып алган магниттик лентадагы айтыш менен салыш- тырылып, такталды.